УДК 373.1.
**DOI:10.58494/esai.24(8).2024.15**

*Бекмурзаева Зинагуль Мулдаказыевна,*
*Ош МУ, магистрант*
*bekmurzaevazinagul@gmail.com*
*Джоошбекова Зинагул Рысбаевна,*
*ОшМУ, улук окутуучу,*
*dzinagul@mail.ru*

## КӨП МАДАНИЯТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООДОГУ САБАКТАН ТЫШКАРЫ ИШ-ЧАРАЛАРДЫН ОРДУ

***Аннотация.*** *Көп маданияттуулукка тарбиялоодо сабактан тышкаркы иштердин мааниси өтө чоң. Жалпы билим берүү мекемелери үчүн мектеп программасына ылайык, сабактарды уюштуруу, сабактан тышкары иш-аракет билим берүү мекемелеринин окуу процессинин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Негизги билим берүүнүн ишке ашыруунун уюштуруу механизми жалпы башталгыч билим берүү программасы болуп, сабактан тышкаркы иштер кенже мектеп окуучуларынын керектөөлөрүн эсепке алуу менен жүргүзүлүшү зарыл.*

*Жалпы адамзаттык маданий багытта билим, таалим берүү кенже мектеп жашындагы баланын өзгөчөлүгүн эске алуу менен жалпы адамзатка тиешелүү болгон эстетикалык идеалдарга, руханий адеп-ахлактык баалуулуктарга карата багытталган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Көп маданияттуулук, башталгыч класс, көп маданияттуулукка тарбиялоо, класстан тышкаркы жумуш, билим берүү процесси, үрп-адаттар, каада-салттар.*

## МЕСТО ВНЕКЛАССНОЙ РАБОТЫ ПРИ МНОГОКУЛЬТУРНОМ ВОСПИТАНИИ

***Аннотация.*** *Очень важную роль играет внеклассная работа по многокультурному воспитанию. В среднобразовательных учреждениях внеклассная работа является согласно школьной программе неотъемленной частью учебного процесса при организации учебной деятельности. При этом должно учитыватся внеклассная работа с учетом потребностей учеников младших классов, которая имеет механизмы организации и реализации в программе общего начального образования. При общем образовании и воспитании школьников младшего возраста должно учитыватся возрастная особенность, а также целенаправленное воспитание включающие нравственные ценности и эстетические идеалы*

***Ключевые слова:*** *многокултурность, начальный класс, воспитание многокультурности, внеклассная работа, образовательный процесс, традиции, обычаи.*

## THE PLACE OF EXTRACURRICULAR WORK IN MULTICULTURAL EDUCATION

***Annotation.*** *Extracurricular work on multicultural education plays a very important role. In secondary educational institutions, extracurricular activities are, according to the school curriculum, an integral part of the educational process in organizing educational activities. At the same time, extracurricular activities should be taken into account, taking into account the needs of elementary school students, which has mechanisms for organization and implementation in the general primary education program. In the general education and upbringing of younger schoolchildren, age-related characteristics should be taken into account, as well as purposeful education, including moral values and aesthetic ideals*

***Key words***: *multiculturalism, primary school, multicultural education, extracurricular activities, educational process, traditions, customs.*

Ар кандай билим берүү процессинин маанилүү компоненти болуп заманбап мектепте билим берүү менен катар эле натыйжалуу класстан тышкары иштерди жүргүзүү болуп саналат. Билим берүүнүн экинчи жарымын уюштуруу “Сабактан тышкаркы иш-чаралар" менен тыгыз байланыштуу.

Окуучулардын сабактан тышкаркы иш-аракеттери окуучунун ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн камтыйт (сабактагы окуу иш-аракеттеринен башка). Алар баланы тарбиялоонун маселелерин чечүү жана аны социалдаштырууга чоң салым кошот [1, 74-б.].

Кыргызстандын жалпы билим берүү мекемелери үчүн мектеп программасына ылайык, сабактарды уюштуруу, сабактан тышкары иш-аракет билим берүү мекемесинин окуу процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Негизги билим берүүнү ишке ашыруунун уюштуруу механизми жалпы башталгыч билим берүү программасы болуп, сабактан тышкаркы иштер кенже мектеп окуучуларынын керектөөлөрүн эсепке алуу менен жүргузүлүшу зарыл. Сабактан тышкаркы ишти уюштуруу аркылуу жекече өзгөчөлүктөрдү (Жалпы башталгыч билим берүү программасы, 2014)., балдардын активдүүлүгү негизинен алардын кызыкчылыктары жана муктаждыктары эске алынышы зарыл. Өзүн таанып-билүү жана өзгөртүү, курчап турган чөйрөнүн таасири окуучуларды көп маданияттуулукка тарбиялоодо маанилүү ролду ойнойт.

**Кенже мектепке сабактан тышкаркы иш-чаралардын төмөнкү түрлөрү бар**:
1) оюн ишмердүүлүгү;
2) таанып-билүү иш-аракеттери;
3) проблемалык -баалуулук байланышы;
4) эс алуу-көнүл, ачуу ишмердүүлүгү (эс- алуу баарлашуусу);
5) көркөм чыгармачылык;
6) социалдык чыгармачылык (социалдык трансформациялык ыктыярдуу ишмердүүлүгү);
7) эмгек (өндүрүштүк) иши;
8) спорттук, ден -соолукту чыңдоо иши;
9) туристтик-аймак таануу ишмердүүлүгү [1, 176-б.].

Башталгыч мектеп жашындагы балдар үчүн жетектөөчү процесс окутуу болуп саналат. Дал ушул аркылуу сабактан тышкары иштердин багыттары аныкталат. Кенже мектеп окуучуларынын көп маданияттуу аң-сезимин калыптандыруу үчүн толеранттуулук, көп маданияттуулук идеялары сабактан тышкаркы процессти да камтышы керек. Мектеп окуучуларынын сабактан тышкаркы иш-аракеттери, инновациялары жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандартына жана жаны базистик окуу планынын долбооруна ылайык бул мектепте билим берүүнүн милдеттүү элементи болуп калат жана педагогикалык жамаат үчүн балдардын өнүгүү чөйрөсүн уюштуруу милдети коюлган.

Жалпы адамзаттык маданий багытта билим, таалим берүү кенже мектеп жашындагы баланын бөтөнчөлүгүн эске алуу менен жалпы адамзаттык эстетикалык идеалдарга, руханий адеп-ахлактык бааалуулуктарга багыттайт. Көп маданияттуулукка каада-салттардын негизинде тарбиялоо баарынан мурда маданият менен мүнөздөлгөн төмөнкүлөрдү эске алуу менен уюштурулат:
- улутуна, жашына, коомдогу статусуна, билим деңгээлине карабастан адамдын инсандыгын жана кадыр-баркын урматтоо;
- инсандын укуктарын урматтоо;
- башкалардын алдында инсандын милдеттерине талаптарды коюу;
- маданий-тарбия чөйрөсүнүн эң жаш жана эң улуу мүчөлөрүнүн укуктарын урматтоо.

Башталгыч класстын сабактарында балдар каада-салттар жөнүндө билишет жана үрп-адаттары, фольклор, адабият, география, тарых, элдик кол өнөрчүлүк, элдин турмушу ар кандай жерлерде, жүрүм-турум өзгөчөлүктөрү жана элдердин мүнөзү менен таанышат. Адабий окуу, музыка, көркөм сүрөт боюнча материал катары кызмат кылат.

Башталгыч мектепте билим берүү ишинен тышкары сабактан тышкаркы кызматташуу процессинде социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүү, аралаш улуттук курамы менен класстарда окуган кенже мектеп балдарында көп маданияттуулукка атрбиялоо бир топ натыйжалуу.

Сабакта балдардын кызматташуусу топтук формалар аркылуу уюштурулат. Окутуу 3-4 адамдан турган чакан топтор, 6-7 адамдан турган чоң топтор, командалар, ошондой эле адаптация баскычында жуп болуп иштөө аркылуу жүргүзүлөт.Сабактан тышкаркы иш-чаралар окуучунун инсандыгын өнүктүрүүгө чоң өбөлгө түзөт.

Башталгыч мектепте колдонулган класстан тышкаркы иштердин формаларынын ар түрдүүлүгү кенже мектеп жашындагы балдарды көп маданияттуулукка тарбиялоого жардам берет. Мугалим окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн ачканга аракет жасашы зарыл. Класстан тышкаркы иштерге кружокторду жана экскурсияларды, олимпиадалар, коомдук пайдалуу практикалар, катышуучулардын тандоосуна ылайык ыктыярдуу негизде билим берүү процесси кирет [2, 76-б.].

Кенже мектеп жашындагы балдардын сабактан тышкаркы иштерин, анын ичинде бош убактысын уюштуруу кандай гана мектеп болбосун, иштин өтө маанилүү тармагы болуп кала берет. Мугалимдер сабактан тышкары балдар менен иш алып баруусу, алар менен көбүрөөк эркин шарттарда иш аракеттерди жүргүзүүсү, баарлашуусу олуттуу мааниге ээ. Баланын өнүгүшү жана тарбиясы үчүн сабактан тышкары жүргүзүлгөн иштердин практикалык мааниси да жогору. Анткени ал кенже мекетп жашындагы баланын компетенттүүлүктөрүн калыптандырат. Алар мугалимдин өзү үчүн да маанилүү, алар балдар менен тыгыз байланышта болууга жардам бергендиктен, аларды билип, жакшы мамиле түзүп, күтүлбөгөн жана акырында мугалимдин инсандык касиетинин окуучулар үчүн жагымдуу жактары, бактылуу мүнөттөрдү чогуу өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берет жана класстагы окуучулардын ортосундагы достук, биримдик мамилелерин күчөтөт [5, 56-б].

Сабактан тышкаркы жана окуу тарбиялык иштердин өз ара моралдык-таанып-билүү тарбиясын уюштуруусун айкалыштырууну кенже мектеп жашындагы балдарды көп маданияттуулукка тарбиялоодо эффективдүү пайдаланууга мүмкүнчүлүктөр бар. Мугалим сабактан тышкаркы иш-чаралардын планнын иштеп чыгат жана этикалык-нравалык,көп маданияттуу билимдерди терендетүүгө, алардын негизинде жакшы, сый мамилелерди жаратууга өбөлгө түзүүгө тийиштүү моралдык көз караштардын жана сезимдердин калыптанышына шарт түзөт. Адеп-ахлактык тарбияны кеңейтүү – инсандын маданиятын, педагогикалык адеп-ахлак түшүнүктөрүн терендетет жана жоопкерчиликти калыптандырат [3, 89-б.].

Сабактан тышкары иш-чаралар балага аймакты тандоо жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет. Бул учурда бала өз алдынча алгачкы кадамдарды кылат жана өзүн-өзүн аныктоодо өзүнүн жеке чөйрөсүн издейт. Ал мектеп окуучуларынын ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн бириктирет.

Мектеп ата-энелер менен биргеликте кенже мектеп жашындагы балдарды каада-салттардын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоо жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө балдардын өзүн алып жүрүүсү, башка улуттун маданиятын сыйлоосу, башка улуттун балдары менен достук мамилелерде болуусу үчүн жакшы шарттарды түзөт.

Окуучулардын сабактан тышкаркы таанып-билүү иш-аракеттери факультативдер, таанып-билүүчүлүк ийримдери, долбоордук иш-чаралар түрүндө уюштурулушу мүмкүн. Топтук иш учурунда мугалим ар кандай жумуштарды аткарат. Мугалимдин функциялары: топтордо иштин жүрүшүн көзөмөлдөйт, суроолорго жооп берет, талаш-тартыштарды, иштөө тартибин жана өтө зарыл болгон учурда жөнгө салат, жеке студенттерге же жалпы топко жардам көрсөтөт [ 2, 78-б.]

Кружокторго кенже мектеп жашындагы балдарды катыштыруу аркылуу белгилүү бир багыттагы тематикага кызыгуу, белгилүү бир кесипке кызыгуу пайда болуп, баланын чыгармачылыгы артат. Аны туура уюштуруу менен позитивдүү жыйынтыктарга жетишүүгө мүмкүн. Кенже мектеп жашындагы балдардын кесипке, бир багытка кызыгуусу предметтерге кызыгууга алып келип, окуучунун сабактык жетишүүсүн да жакшыртат. Бала өз убагында предметти терең изилдеп баштайт. Ийримдердин ийгиликтүү иштешинин маанилүү шарттарынын бири жумуш ордун уюштуруу. Тапшырмаларды аткаруу үчүн көбүнчө маркерлер жана кагаз сыяктуу аксессуарлардын белгилүү бир топтомун даярдоо,

презентацияларды уюштуруу болуп эсептелет. Мугалимдин негизги милдети топтордо ар түрдүү улуттагы балдарды интенсивдүү , позитивдүү иштөөгө үйрөтүү болуп саналат. Бул иштердини жүрүшүндө балдарда лидерлик сапат, командада иштөө тажрыйбалары артат.
Жыйынтыктап айтканда, бүгүнкү күндө билим берүү тармагы үчүн мекемелер сабактан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу маселеси биринчи орунда турат. Бул багыттагы иш-аракеттердин ичинен окуучулар төмөнкүлөргө катышуусу керек: изилдөө долбоорлору, чыгармачылык иш-чаралар, спорттук иш-чаралар. Алар жаңы нерселерди ойлоп табууга, түшүнүүгө жана өздөштүрүүгө үйрөнүү менен бирге көп маданияттуулукка да тарбияланышат.

Төмөндө окуучуларга тарбиялык сабактан тышкарки сабактардын материалдары менен тааныштырабыз.

**Тарбиялык сааттын темасы: “Кыргыз жана өзбек элдеринин каада- салттары, үрп-адаттары жана жөрөлгөлөрү”**

**Сабактын формасы: Тааныштыруу, үйрөтүү сабагы**

| **Тарбиялык сааттын максаты:** | **Күтүлүүчү натыйжасы:** |
|---|---|
| 1. Окуучуларды кыргыз жана өзбек элдеринин каада-салттары тууралуу түшүнүктөргө ээ кылуу; | *Билет:* Элдик каада-салттар жөнүндө маалымат алат; |
| 2. кенже мектеп балдарынын элдик каада-салттар, көп маданияттуулук, көп тилдүүлүк жөнүндө түшүнүк алуусу; | *Жасай алат:* Элдик каада-салттар аркылуу өзүн-өзү андоого аракет жасайт; |
| 3.Окуучуларды кыргыз, өзбек элдеринин каада-салттарынын колдонуу чөйрөсүндө достукта, ынтымакта жашоого үйрөтүү; | *Кондуммно ээ:* Кыргыз жана өзбек элдеринин каада-салттары жана үрп-адаттарын турмушта колдонууга жөндөмдүү. |

Сабактын жабдылышы: Кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын чагылдырган слайд, фото-сүрөттөр, ватман, кагаз жана маркерлер.

*1-кадам. (1 мүнөт) Уюштуруу:*

а) саламдашуу;

б) тайпаны сабакка даярдоо;

в) тайпаны үч бөлүккө бүлөштүрүү.

*2-кадамыбыз. (2 мүнөттү түздү) Мээге чабуул жасоо*

Азыркы мезгилде колдонулуп жаткан каада-салттарыбыздын маани-маңызын түшүндүрүү.

*3-кадам.* (1 мүнөт) *Мугалим окуучуларды сабактын темасы, максаты милдеттери менен тааныштырат:*

*4-кадамыбыз.* (5 мүнөттү түздү) Мугалим*:* Кыргыз-өзбек элдеринин кандай каада-салттарын билесиңер?

Окуучулардын жоопторун мугалим толуктайт. Келин алуу, кудалашуу, шерине, кыз узатуу, той берүү,балага ат коюу,, үлүш, чечкор, түлөө берүү, Нооруз майрамы, Курман айт.

Мугалим өзү да толуктап, алардан көп тилдүүлүк, көп маданияттуулук, нарк-насил деген сөздөрдүн маанисин айтып, түшүндүрөт.

*5-кадам.* (10 мүнөт). Мугалим*:* Элибиздин байыртадан сакталып келген көптөгөн каада-салттары, үрп-адаттары бар. Мисалы, конокту сыйлоо, коноктун улуу-кичүүсүнө жараша устукан тартуу, коноктун колуна суу куюп, бата тилеп ыраазылыгын алуу.

Талкуулоого үч топко үч тапшырма берилет. Ар бир топ өзүнчө берилген тапшырманы талкуулап чыгуулары керек болот.

*1-топ. Келин алуу.*

Бул түшүнүктөрдү түшүндүргүлө: кудалашуу, сөйкө салуу, кыз узатуу, үлпөт той, жүгүнтүү, бата берүү, нике кыюу, төркүлөтүү.

*2-топ. Баланын атын коюу.*

Бул түшүнүктөрдү түшүндүргүлө: азан чакыруу, ат коюу, сүйүнчү, жентек, баланын кыркын чыгаруу, бешикке салуу, бешик той, тушоо кесүү, сүннөт той.

*3-топ. Ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр.*

Түлөө, аш берүү, чечкор, орозо айт, курман айт, нооруз, шерине, өрүлүк, бата алуу түшүнүктөрүн түшүндүрүп, колдонуу чөйрөсүн аныктоо.

*Мугалим сабакты жыйынтыктайт.*

Сабакта жаңы билимдер берилди.

Командада иштеген ар бир окуучу өз тобуна салым кошту.

Эң мыкты презентацияны окутуучу белгилейт.

**Тарбиялык сааттын жыйынтыгында** жалпы дыйканчылык менен кесиптенген элдердин жашоо-турмушундагы окшош баалуулуктары, жакшы тилектер, тынчтыкта жанаша жашоо идеялары, каада-салттардын, жөрөлгөлөрдүн окшоштуктары студенттерге көп маданияттуулук, жалпы адамдык баалуулуктарды өздөштүрүүгө жардам берди.

Болочок башталгыч класстын мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоодо улуттук каада-салттар аркылуу толеранттуулукка тарбиялоонун мааниси зор. Мына ушуга байланыштуу эксперименталдык топто атайын ушул багытта **“**Толеранттуулук – инсандын баалуулугу” деген темада тарбиялык саат өтүлдү.

Изилдөө жумушубузда сабактан тышкаркы иштердин топтому болгон театрлаштырылган оюн-зоок кечелер (кыргыз-озбек драма театрларында), өзбек жана кыргыз улутундагы белгилүү, урматтуу адамдар менен жолугушуулар, экскурсиялар, кечелер (улуттук маданияттардын фестивалдары, Нооруз майрамы ж.б.) педагогикалык аныктоонун факторлорунун негизгилери болуп эсептелинди. Кенже мектеп жашындагы балдар бул иш-чараларда элдердин маданияттары жөнүндө топтогон маалыматтарды, билимдерин менен билгичтиктерин пайдаланышып, каада-салттарда жана үрп-адаттарда окшоштуктар менен биргеликте айырмачылыктар бар экендигине ынанышты.

Кыргызстандын бардык мектептеринде жыл сайын Нооруз майрамы салтанаттуу майрамдалат. Бул майрамды өткөрүүдө тарбиялык иш-чаралар өткөрүлүп, түрдүү этностордун каада-салттары театрлаштырылып көрсөтүлөт. Кенже мектеп жашындагы окуучулар жогорку класстардын окуучулары даярдаган оюн-зоокторго көрүүчү катары катышып жана өздөрү да таймаштарга командалык топ менен даярданышып жатканда өз элинин жана бирге жашаган башка улуттардын да маданиятын үйрөнүү аркылуу мекенин сүйүүгө, тынчтыкта, стабилдүүлүктө жашоого, башка маданияттарды сыйлоого тарбияланышат. Төмөндө эксперименталдык кенже мектеп балдарынын тобунда өткөрүлгөн “Нооруз – ынтымактын майрамы” аттуу тарбиялык саатка кыскача токтоло кетели.

Сабактын максаты: окуучуларды Нооруз майрамынын тарыхы, маани-маңызы, сүмөлөктүн кандайча пайда болушу, бирге жашаган башка улуттардын бул майрамды кандай майрамдоосу жана башка маселелер менен таныштыруу аркылуу көп маданияттуулукка тарбиялоо. Төмөндө иш-чаранын жүрүшүнө токтоло кетели.

Тарбиялык сааттын жүрүшүндө сүмөлөк кайнатууну кенже мектептин окуучулары катышуучу катары көрүшөт. Мугалимдин активдүү жардамы менен сахналаштырылган иш-чара өтөт.

Мугалимдин сөзү: Кымбаттуу коноктор, агай-эжейлер! Окуучулар! Сиздерди келе жаткан Нооруз майрамыныздар менен куттуктайбыз! Биз сиздердин көңүлүңүздөрдү Нооруз майрамынын майрамдалышын, ата-бабалардан калган салт-санаалардын, үрп-адаттардын маани-манызы тууралуу маалыматтарга бурабыз.

Саламдашуу.
*1-окуучу:* Ук жер жүзү, ук бүт аалам!
Урмат-сыйдын күүсүн чалам!
Ушул жерде отурган баарыныздарга.
Жалындуу ысык салам!
*2-окуучу:* Жадырап жер бетине гүлдөр толсун,
Бактылуулар арабызда көп-көп болсун.
Сиздердин Нооруз Майрамыныздар куттуу болсун! (чогуу)
*3-окуучу:* Ар үйгө күлкү толсун,
Ааламда теңдеши жок, Апалар! Аталар!
Агай- эжейлер Ар дайым аман болсун!
Жаңыргансыйт Ала-Тоодон добушун,
Жашаргансыйт байыркы ата конушуң.
Сагындырып мына бүгүн сен келдин,
Салам сага, санжыралуу Ноорузум.

Мугалим: (Умай эне жөнүндө баяндап, аластоону түшүндүрөт. ) Кыргыздар Умай эне-кудай эне деп аны ыйык тутуп келген. Умай эне дегенде – мээримдүү, жылдыздуу, пейли кенен, ак элечекчен энени элестетебиз. Умай эне – наристелердин колдоочусу, сактоочусу.

Нооруз майрамында энелерибиз Умай эненин колу деп арча түтүнү менен үй-бүлөсүн, короо-жайын аласташкан. Аластоо – бул оору-сыркоолордон, жаман сөздөрдөн тазалоо жана Теңирден элге, жерге береке, ийман- ырыскы, тынчтык тилек кылуу.

Алас, алас, алас! Жыргалга эл-жер балкысын! Эл-журт айтсын алкышын,. Жоболоң кырсык жок болуп, жыл сайын арча анкысын! Алас, алас, алас! Кут качпай пейил онолуп, кор болбой балдар торолсун! Жыл сайын арча жытынан ар кандай оору жоголсун! Алас, алас, алас!

«Нооруз» деген фарс тилинен которгондо «жаңы күн, жыл башы, же жаңы жыл» дегенди билдирет. Нооруз майрамы жыл сайын жаңырып, адамдарды ар дайым кайрымдуу, боорукер, кечиримдүү болууга чакырат.

Ноорузда элдер чогулуп – «Эл- журт, мал-жан аман болсун, эгин берекелүү болсун» деп Теңирге, Умай энеге сыйынып, сүмөлөк кайнатышкан. Сүмөлөктү жети түрдүү даамдын башын кошуп, тан аткыча кайнатып бышырышкан. Сүмөлөк бышканча жакшы тилектерди тилеп, элди чакырып, ырдап, бийлеп таң атырышкан. Умай эненин батасы: Адам ата балдары акыл менен иш кылсын, үрөн сээп, мал багып, эмгек менен күн көрсүн! Пейилдери оңолуп, касташканын токтотсун! Ыймандары оңолуп, Тобо кылсын баарына! Өкүмчүлүк кылбасын, Жетим жесир карыпка! Карыларды урматтап, кичүүлөрдү сыйласын! Узун болсун өмүрү, урпактары улансын! Кылган иши оңолуп, Көкө Тенир колдосун! Оомийин!

**Корутунду**

Жогорудагы айтылгандардын жыйынтыгында, Кыргызстандын түштүгүндө кыргыз-өзбек элдеринин жакын болгондугу, көптөгөн убактан бери жанаша жана коншу жашап келиши, тилдеринин жакындыгы, чарба иштеринин жүргүзүүсүнүн бирдейлиги, каада-салттарынын жана үрп-адаттарынын, жалпысынан алып караганда диний ишенимдеринин бирдейлиги, алардын жанаша ырашкерликте жашоосуна шарт түзгөндүгүн мугалим балдарга түшүнүктүү кылып айтып берет.

Демек, кенже мектеп жашындагы балдарды көп маданияттуулуккка тарбиялоодо адамзатына тиешелүү болгон дөөлөттөргө, улуттун маданиятына жана жалпы каада-салттардын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүнө көңүл буруу керек. Эки элдин улуттук каада-салттарын колдонуу аркылуу улуттар аралык ынтымак чыңдалат жана кенже мектеп жашындагы балдар  көп маданияттуулукка тарбияланышат.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Гукаленко О.В.Поликультурное образование: теория и практика / О.В. Гукаленко. - Ростов н/Д, 2009. – 512 с.
2. Рябова Е.Л. Межкультурное взаимодействие в современном мире: учебное пособие / Е.Л. Рябова, Л.О. Терновая. – М.: Этносоциум, 2011. – 374 с.
3. Чепиков В.Т. Воспитание нравственных качеств младших школьников / В.Т. Чепиков. – Грудно.: ГрГУ, 2001. – 189 с.
4. Шаповаленко И.В.Возрастная психология (Психология развития и возрастная психология) / И.В. Шаповаленко. – М.: Гардарики,2005. – 349
5. Щуркова Н.Е. Воспитание на уроке / Н.Е. Щуркова. – М.: Педагогический поиск, 2007. – 160 с.